5. Бир нече сүйлөм түзгүлө, жөндөмө уланган сөздөрдү белгилеп көрсөт.
6. Бир жөндөмөдөгү сөздөрдөн ким көп мисал келтирет?
7. Кыргыз басма сөздөрүнөн жөндөмөдө төрт сүйлөм жазып келгиле.

Бир тапшырмага мисал келтирсек:

| № | Суроолору | Жооптун үлгүлөрү | Туура жооп |
|---|---|---|---|
| 1 | Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздү кой:<br>Мен ........... окудум<br>Адыл ..................кетти<br>Биз .................келдик | а) шаарга, китептер, Бишкектен<br>б) китепти, шаарга, Бишкектен<br>в) Бишкектен, китепте, шаардан | |
| 2 | Көп чекиттин ордуна керектүү мүчөнү ула:<br>Окуучулар мектеп .....<br>Келишти.<br>Кыргызстан.............<br>жаратылышы кооз.<br>А.Осмоновдун<br>чыгармалары...... окудум | а) –н,-дын, -ке<br>б) –ы, -ке, -дын<br>в) –ке,-дын, -н | |
| 3 | Көп чекиттин ордуна керектүү мүчө ула:<br><br>Биздин үй.........мейман келди.<br>Мен атам.......... бардым<br>Билим баары......керек | а) –ыбызга, -дыкына -үбүзгө<br>б) -үбүзгө,-дыкына, -ыбызга.<br>в) –ыбызга,-үбүзгө, -дыкына | |

Бул тапшырмалар жөндөмө мүчөлөрүн тиешелүү деңгээлде өздөштүрүүгө таасирин тийгизет. Студенттер буларды зор кызыгуу менен аткарышат. Натыйжада материалдарды тез, туура кабыл алышат жана аларды тилде орундуу, катасыз колдонууга шарт түзүлөт.

УДК 371.671.11

Т.Т. Раева, Ч.Т.Таирова

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

## РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ ТРАДИЦИЯЛЫК ЭСКИ ЖАНА ЖАҢЫ МЕТОД МЕНЕН ОКУТУЛГАН МЕКТЕПТЕР ЖАНА АЛАР ҮЧҮН БАСЫЛГАН ОКУУ КИТЕПТЕРИ

*Кыргызстандагы революцияга чейинки башталгыч билим берщщчщ мусулман мектептеринен кеъири маалымат берщщ менен, «Усили кадим» жана «Усили жадид» методдору менен окуган мектептерди иликтёёгё, ошол мектептердин окуу системасы, пайдаланылган окуу китептерин талдоого макалада кеъири орун берилди.*

Араб алфавитинин Орто Азия элдерине таралышы айрым тарыхый маалыматтарга караганда VIII кылымдан башталып, алар басып алган жерлерине соода кылуучу жайларын, армиясын жайгаштыруу менен ислам динин жана өздөрүнүн алфавитин таратышкан [5].

Революцияга чейинки башталгыч билим берүүчү мусулман мектептеринде куран жана башка диндик китептер окутулган. Мындай мектептер көбүнчө мечиттин алдында, же айрым кишилердин үйлөрүндө ачылып, молдонун акысы ата-энелердин эсебинен төлөнгөн. Мектепке кирген 7-13 жаштагы өспүрүмдөр курагына карата тайпаларга

бөлүнгөн эмес. Күндөлүк сабактардын расписаниеси жана программасы да жок болуп, молдо эмнени кааласа ошону окуткан. Башталгыч мектепти бүтүргөнү жөнүндө экзамен, зачет берип, тиешелүү күбөлүк кагаздарын да алышкан эмес. XIX кылымда Орто Азияда ачылган мусулман мектептеринин тартиби негизинен ушундай болгон [11]. Бул жагынан кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолдору толук изилдөөгө алынбагандыктан, биз үчүн көп нерселер али түшүнүксүз экендигин көрсөтүп, академик Б.М.Юнусалиев мындай пикирин айткан: "Несмотря на то, что кыргызы имеют более чем двухтысячелетнюю историю, состояние их экономики и культуры ранее XIX в., не говоря уже о средних и тем более о древних веках, почти не изучалось» [13, 49-б.].

Бирок мындай мектептер Орто Азияда жашаган башка элдерге караганда кыргыздарда кийинчерээк пайда болгондугу В.Бартольддун эмгегинде ачык көрсөтүлгөн [7]. Бизге жакын коңшу элдер менен экономикалык жана маданий байланыштарыбыз улам кеңий баштагандан тартып, андай мектептер кыргыздарга да таралып, убакыт өткөн сайын саны улам көбөйө баштайт.

Традициялык мусулман мектептерге тиешелүү окуу планы жана аны окутуунун мөөнөтү жергиликтүү элдин жашоо тиричилигине ылайык ар түрдүү болуп, башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинде жазылган окуу куралдары жана методикалык көрсөтмөлөрү жоктугунан тектеш тилдердин окуу китептеринен пайдаланышкан. Бирок көп жерде мындай мектептерде окуунун мөөнөтү ар кандай болуп, биринде кышында окуса, экинчиси жайында окуп, күнүнө канча саат окула тургандыгы да мугалимдин жекече иши болгон. Мамлекет тарабынан мугалим кадрларын даярдоо, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлбөгөндүктөн, жаштарга билим берүү тигил же бул мугалимдин жекече ишмердүүлүгүнө жараша болгон.

Жаш жеткинчектер окуй турган мектептердин материалдык базасы да начар болуп, көп учурда эч шарты жок боз үйлөрдө от жагылбаган сыз тамдарда отуруп окушкан. Мындай мектептер үчүн түзүлгөн атайын окуу китептеринин жоктугунан, мугалимдердин айткандарын жаттап алуу менен гана чектелишкен.

Араб алфавити кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө туура келбегендиктен, андан сөз куруштырып окуу көп кыйынчылыктарды туудурган. Анын үстүнө тамгалардын өз алдынча турганда, сөз башында жана сөз ортосунда ар башка болуп өзгөрүп кетиши да окуучулардын сабаттуу болушун бир кыйла кыйындаткан.

Ошондон улам эски мектептерде көбүнчө окуганга гана үйрөтүп, сүрөөлөрдү жаттап алуу менен чектелишкен. Анын орус мектептерине караганда көп артта калгандыгын өзбек акыны Фуркат 1893-жылы минтип жазган: "Я убежден, что если бы каждый из наших учащихся побывал в каком-нибудь русском учебном заведении, то своя школа ему сделалась бы противной. Ни порядка в обучении, ни обстановки в учебном заведении у нас нет, ни учебников, ни тепла, ни чистого воздуха нет у нас в школах" [2, 121-б.].

Ошол кездеги мектептерде окутуу тамга методу боюнча жүргүзүлүп, жазууга үйрөтүү үч этапка бөлүнгөн: 1.Араб тамгаларынын айрым элементтерин жазууга машыктыруу (сархат); 2.Тамгаларды бири-бирине кошуп жазууга машыктыруу (мурак-кабат); 3.Айрым саптарды жазууга машыктыруу (мукаттаат) [1, 11-б.].

1993-жылы проф. Х.Карасаев автору жана чыккан жылы белгисиз "Мугалим сани" (экинчи китеп) алиппесинин мазмунун азыркы алфавит менен жазып чыккан.

Анда курандын сүрөөлөрүнүн башындагы тамгалардын окулушунда окшошуусун жана ээрчишүүсүн кошуп окуу менен араб жазуусунда бир нече тыныш белгилери бар экендигине токтолуп, сөз аягындагы тамгасы алиф жана хамза тогуз түрдүү жазыла тургандыгын көрсөткөн.

Китептин башында берилген эскертүүсүндө: "Араб алфавитинде "алиф" жана "хамза" тыбышы жазылган тамгалардын үстүнө (-) сызыкча коюлса, "а" болуп, астына сызыкча коюлса "и" болуп, ал эми үстүнө үтүр коюлса "у" болуп окулган. Араб тилинде үч гана үндүү болуп, ага көзөнөкчө коюлса эки тыбыш кошулуп окулат.

Бул окуу куралы өз убагында алдыңкы методисттер тарабынан жазылгандыктан, аны так өздөштүргөн адам куранды шырылдатып окуй алган. Китепчеде араб имласы өтө кылдаттык менен берилгендиктен, эски китептин методикалык көргөзмөсүн түшүнүктүү кылып берүүгө көп аракет кылдым" – деп жазат [9, 3-б.].

Кыргызстан Россиянын карамагына киргенден кийин падыша өкмөтүнүн реакциячыл-колониялык саясатына карабастан, айыл чарбасынын, өнөр жайынын

өнүгүшүнө тиешелүү таасирин тийгизип, жер менен иштөө, мал чарбасынын тукумун жакшыртуу, кыргыз жериндеги кен байлыктарды изилдөө, соода иштерин өнүктүрүү менен акырындап, көчмөн турмушта жашаган кыргыздарды отурукташтыруу, капиталисттик элементтердин пайда болушу жана жаштарга билим берүү жагынан аздыр-көптүр жылыштар боло баштады [4].

А.Э.Измайлов Россиянын карамагына өтүүнүн дагы бир прогрессивдүү жагы: "Орто Азия жана Казакстанга орус элинин дыйкандары, медицина кызматкерлери, окумуштуулары, саякатчылары ж.б. орус маданиятынын өкүлдөрү аркылуу орус эли менен Туркестан крайынын ортосунда жакындашуулар пайда болгон"-деп көрсөтөт [8, 20-б.].

Эскиден келе жаткан мусулман мектептеринде диндик мүнөздөгү сабактарды окутууда жыл өткөн сайын ага болгон нааразылыктар көбөйө баштайт. Анткени мектептерде окутуунун такталган мөөнөтү, окуу планы жок болуп, эч кандай методикалык колдонмолор жарык көрбөгөндүктөн, алды менен аптиекти, анан мусулман дининин негизги эрежелери топтолгон "Чаар китепти", "Софи-Аллаярды" окушкан. Мектептерге реформа жүргүзүүнүн негизинде мурдатан келе жаткан окуу системасынын ордуна ("Усили кадим") жана жаңы метод ("Усили жадид") менен окуган мектептер пайда боло баштайт. Жадидчилердин айырмасы диндик сабактардан тышкары орус тили, арифметика, геометрия, география, биология, физика, тарых сабактарын тыбыш методу менен өз эне тилинде окутуп [10], окуу китептеринин сапаты бир кыйла жакшыртылган.

Жаңы метод менен окутулган мектептерге арналган окуу китептери "Бисмилла иррахман рахимден" башталып, китептин аягына чейин жаштарды "Кудайдын кулу, Мухаметтин үмбети" болууга чакырат. Бул жагынан эски мектептерден анчалык деле айырмаланбайт. Экинчиден, күндөлүк өтүлгөн сабактардын көбү араб, фарсы, түрк, татар тилинде окутулуп, кыргыз тилинде мындай китептер жазылган эмес. Ошондой эле, тигил же бул окуу китебиндеги терминдер араб, фарсы тилдеринде болгон.

Кыргызстанда жаңы метод менен окуткан мектептердин пайда болушу жөнүндө Д.Айтмамбетов минтип жазат: "На территории Киргизии новометодные школы стали распространяться в начале XX в. Так, например, начиная с 1901-1902 гг., три школы в г. Пржевальске, две школы в г. Пишпеке и одна школа в г.Токмаке перешли на новый метод обучения. Несколько позже появились новометодные мектебы в таких отдаленных местностях, как Чоң-Кемин, Кочкор и дальше, в глубине Тянь-Шаня – в Куртке, на берегу Иссык-Куля – в Тоне и других местах. В новометодных школах, в отличие от старометодных, имелись парты, доски, географические карты и столы для учителей" [3, 39-б.].

Бишкектеги татар мечитинин алдында 1902-жылдан тартып жаңы метод менен окуткан мектептерге орус тилин П.Д.Масленников окуткан. Ошол жылы Пржевальск шаарындагы эркек балдар мектебинде да окуу жаңы методго өтүп, бир катар китептер Казань шаарынан алынып турган. Мындай мектептердин бараандуусу жана элге кеңири белгилүүсү Кеминдеги Шабдан баатыр салдырган медресе (1909) болгон. Бухарада окуп жүргөн Осмонаалы Сыдыков ал жакка барууга кыйын болгондуктан, окуусунун калган бөлүгүн ушул медреседен бүтүргөн.

Бул мечит-медресе жөнүндө Д.Сапаралиев мындай дейт: "Еще в начале XX в. Шабдан баатыр построил в Токмоке мечеть, а затем в родном Чон-Кемине прекрасную мечеть-медресе; на возведение первой было израсходовано в основном его личных средств, более чем 10 тыс рублей, и второй -15 тысяч рублей. В медресе Чон-Кемина обучались 300 киргизских детей по самой передовой по тем временам методике. А сын Шабдана Исамидин, получивший образование в г. Намангане и Токмаке, в 1909 г. открыл и содержал школу "Шабдания" с 150 учениками, сам же преподавал в ней. Учителями в них были настоящие профессионалы, специально приглашенные из городов Оренбурга, Казани, Ташкента и Бухары. Баатыр их труд оплачивал очень высоко. Каждый из них получал жалование от 500 до 1000 рублей при полном обустройстве жилищно-бытовых условий"[12, 14-б.].

Ошол мезгилдин баасы боюнча эсептегенде жакшы койлор бир сомдон ашкан эмес, жылкынын беш сом экендигин эсепке алганда Шабдан баатыр өз элинин келечегин ойлоп, мындай мектепте иштеген мугалимдердин эмгек акысын эң жогору баалаганын билүү кыйын эмес. Бирок Шабдан баатырдын мечит-медресе салып, жаштарга көргөн

камкордугу падышалык администрацияга жаккан эмес. Анткени ошол кезде мындай мектептерди салуу көбөйтүлүп, ар кайсы жактан билимдүү мугалимдер чакыртылып, Туркестанда панисламизмдин өсүшүн колдоого албагандыктан, анын саны бир кыйла азайып, айрым мечиттер болбогон шылтоолор менен жабылып, орус-тузем мектептеринин да саны азайтылган.

Кийинки жылдары Бишпек уездинин айрым болуштарында, Кочкордо Канат кандын медресеси салынып, алыстан келгендер жатакана менен камсыз болушуп, окутуу мугалимдер тарабынан жаңы метод боюнча жүргүзүлгөн. Курткадагы Калпа ажынын жаңы метод менен окуткан мектебинде 1914-жылы отузга жакын бала окуп, алардын арасында Абдылда Аралбаев, акын Абдыкалык Чоробаевдер да болгон.

Пржевальски уездинин Тоң болушундагы Туурасуу мектебинде Уфадагы Галия медресесин бүтүрүп келген Э. Арабаев окуучуларды билимине жараша класстарга бөлүштүрүп, жаңы метод менен окуткан. Анын кемчиликтери болгондугуна карабастан, эски метод менен окуткан мектептерге салыштырганда прогрессивдүү жактары көп болгон. Х.Сарсекеев экөө жазган “Алифба йаки төтө окуу” алиппеси да жаңы метод менен окуткан мектептерге арналып [6, 52-б.], 26-беттеги текстте алла, кудай, пайгамбар, Мухаммед, периште, акырет, кыямат жөнүндө түшүнүктөр берилген.

Жыйынтыктап айтканда, Совет бийлигине чейин Кыргызстанда элге билим берүүдө бир катар жылыштар болуп, окуу процессинде диндик сабактардан тышкары тарых, география, табият таануу, математика боюнча тиешелүү маалыматтар берилет. Алдыңкы орус педагогдорунун, Орто Азия жана Казакстандан чыккан агартуучулардын тажрыйбалары жайылтылып, окуучуларды кыска мөөнөттө сабаттуу кылуу менен анын жеңил жолуна түшкөн.

АДАБИЯТТАР:

1. Абдуллаев Ю. Обучение грамоте в старых узбекских школах (1865-1917): Автореф. дис.... канд. пед. наук. -Ташкент, 1961.
2. Абдуллаев Ю. Очерки по методике обучения грамоте в узбекской школе. -Ташкент: Учитель, 1966.
3. Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. -Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1961.
4. Айтмамбетов Д. Культура кыргызского народа во второй половине XIX и начале XX века. -Фрунзе: Илим, 1967.
5. Айтмамбетов Д. Школьное дело в Туркестане. -Фрунзе: Киргосиздат, 1963.
6. Арабаев Э., Сарсекеев Х. Алифба йаки төтө окуу. -Уфа: «Шарк» басмаканасы, 1911.
7. Бартольд В. История турецко-монгольских народов. -Ташкент: Учитель, 1928. -С.15
8. Измайлов А.Э. Просвещение в республиках Советского Востока. -М.: Педагогика, 1973.
9. Мугалим сани. Куран окууга үйрөтө турган алипбэ / Кыргызчалап иштеп чыккан Карасаев Х. -Чыккан жери, жылы белгисиз.
10. Педагогическая энциклопедия. -М.:Советская энциклопедия, 1964.-Т. 1.
11. Педагогическая энциклопедия. -М.: Советская энциклопедия, 1965.-Т. 2.
12. Сапаралиев Д. Шабдан баатыр. Эпоха и личность. Документы и материалы.. -Бишкек: Шам, 1999.
13. Юнусалиев Б.М. Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза // Тюркологические исследования. -Фрунзе: Киргосиздат, 1970.

УДК : 494. 341 (07)

А.Ш.Турдиева, Д.Н.Исмаилова

*Иссыккульский институткооперации им. акад. Алышбаева*

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨЗГӨ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун айрым маселелери каралат. Анын ичинен сабак өтүү усулу тууралуу көбүрөөк сөз болуп, анын максаттары, жаңы материалдарды тандоо негиздери, уюштуруу өзгөчөлүктөрү камтылат.*

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндөгү 1989-жылдын 23-